# Маанилүү маалыматтарды улуттук деңгээлге кантип жеткиребиз?

ДЕН СООЛУК, ТАЗА ТАБИГАТ, ЧЫНЧЫЛДЫК, КАМКОРДУК

ЗДОРОВЬЕ, ЭКОЛОГИЯ, ЧЕСТНОСТЬ, ЗАБОТА

BIO-KG Органикалык Кыймыл Федерациясы

31-март, 2017-жыл

# Максатыбыз эмне?

- Биздин каалаганыбыз эмне, түпкү максатыбыз кандай?
- Максатыбызга жетиш үчүн кандай иш-чараларды аткарууга тийишпиз? Алар кайсы денгээлде чечилүүгө жатат?
- Аткарылган иштердин жыйынтыгы, мониторинг.

# Кантип чечебиз?

Маселелер негизинен 2 денгээлде чечилүүгө жатат:
- Жергиликтүү мaанидеги маселелер (айыл өкмөтү, Айылдык Кенеш, район, область);
- Республикалык, же улуттук маанидеги маселелер (министрликтер, Өкмөт, Жогорку Кеңеш)

# Жергиликтүү маанидеги маселелер

- Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө Мыйзамына» ылайык **жергиликтүү маанидеги маселелер** - жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдары тарабынан жарандардын тикелей эрк-ниетин билдирүү жолу менен чечилүүчү, тиешелүү аймактагы калктын турмуш-тиричилигин камсыз кылуу маселелери эсептелет.

# Жергиликтүү башкаруу структурасы

Айылдык Кеңеш

Райондук администрация

Айыл өкмөтү:

Финансы-
экономикалык
бөлүм
Жер адиси
Мал чарба адиси,
салык адиси
Социалдык коргоо
адиси

Мектептер
ҮДТ, ФАП
Бала бакча
Айылда
жайгашкан
мекемелер, ички
жолдор, жайыт
комитети, таза
суу, сугат
тармактары

Чарба
субъектилери
Жамааттык жана
коомдук уюмдар,
донордук уюмдар

# Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын милдети

- даректүү социалдык коргоону уюштуруу максатында аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү иликтеп билүү;
- тиешелүү аймактын экономикалык өнүгүшүн камсыз кылуу, ошондой эле инвестицияларды жана гранттарды тартуу;
- балдар жана жаштар менен иштөө боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырууну уюштуруу;
- Айыл чарбасына жарактуу Мамлекеттик фондунун жерлерин бөлүштүрүү жана пайдалануу;
- курчап турган чөйрөнү коргоо боюнча иш-чараларды иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу;
- керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоону камсыз кылуу;
- калктын жумуштуулугунун жана миграциясынын программаларын иштеп чыгуу жана аткаруу.

❖ Долбоордун алкагында жергиликтүү топтор тарабынан көтөрүлүп жаткан көпчүлүк маселелер Улуттук денгээлге чыгарып, ал үчүн кандайдыр бир ченемдик акт, же башка документ кабыл алуу талап кылынбастан, жергиликтүү денгээлде чечилүүгө жатат. Ал Мыйзамда каралып, атайын шарттар түзүлгөн.

# Мисалдар:

- <u>Туура тамактанууну уюштуруу үчүн аз камсыз үй бүлөлөргө мамлекеттик фондунун жерлеринен жер бөлүп берүү сунушталып келет</u>.

Бул маселе мамлекеттен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына берилген ыйгарым укук болуп саналат. Айылдык Кеңештин сессиясында мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн жана бөлүштүрүүнүн шарттары аныкталат. Ошондуктан жер бөлүп берүү маселеси жергиликтүү топтор тарабынан сессияда кароого сунушталып,чечилүүгө тийиш.

- <u>Аз камсыз үй бүлөлөргө саан эчкилерди алып берүү маселеси.</u>

Айыл өкмөтүндө ар бир үй бүлөгө социалдык паспорт түзүлүп, ал жерде ишке жарамдуу адамдын саны, алган кирешелери, жакырчылыктын денгээли толук такталып көрсөтүлгөн. Ошондуктан айыл өкмөтүнүн социалдык кызматкери менен такташып, берилген эчкини андан ары багып, жөндөп кете ала турган үй бүлөнү тандоо максатка ылайыктуу болот.

- Мындан тышкары парник, <u>күнөсканаларды, как кургатуучу жабдууларды куруу жана иштетүү, балык өстүрүү</u> жергиликтүү денгээлде чечилүүчү маселелер болуп саналып, Мыйзам менен чектелген шарттары жок. Эгер тийиштүү айыл өкмөтү жана Кеңеш тарабынан чечилбей жатса, райондук жана областтык органдар аркылуу чечуу, алардын айнысыс милдети болуп саналат.

# Райондук денгээл

Райондук Кеңеш

Ыйгарым укуктуу өкүл

Райондук мамлекеттик администрация

айыл чарба башкармалыгы, суу чарба башкармалыгы, мамлекеттик жерге жайгаштыруу жана каттоо кызматы, социалдык коргоо бөлүмү, социалдык фонду, билим берүү бөлүмү, СЭС, РЭС, рай. архитектура ж.б.

айыл Кеңештери, айыл өкмөттөрү

чарба субъектилери, коомдук жана өкмөттүк эмес уюмдар, донордук уюмдар ж.б.

# Областтык денгээл

- **Өкмөттүн ыйгарым укуктуу өкүлү** –тийиштүү областта мамлекеттик саясаттын аткарылышын камсыз кылуу үчүн мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бирдиктүү иш-аракеттерин уюштуруучу жана координациялоочу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы.
- Ыйгарым укуктуу өкүлдөр областтагы чечүүнү талап кылган маселелерди Өкмөттүн кароосуна киргизе алат.

Био-KG органикалык кыймыл Федерациясы тарабынан ар бир областтагы Өкмөттүн ыйгарым укуктуу өкүлдөрү менен өз ара кызматташуу тууралуу Меморандумдар түзүлгөн.

# Эдвокаси

- Эдвокаси – бул саясатты, бекитилген тартип же мамилелерди өзгөртүү максатында тийиштүү далилдерди жана аргументтерди келтирүү аркылуу, керектүү өзгөртүүлөрдү киргизүүгө арналган уюштурулган аракет.
- Улуттук денгээлде бул тийиштүү укуктук ченемдик актыларга керектүү өзгөртүүлөрдү киргизип, өнүгүүгө түрткү берүүчү Мыйзамдык базаны чыңдоо болуп саналат.

# Улуттук денгээл

- Улуттук денгээлге алып чыгуу үчүн кандайдыр бир Мыйзамга тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүү талап кылынган, же бир ченемдик акт менен жол-жоболору бекилген маселелер талап кылынат. Анын негизинде тийиштүү министрликтерди, коомдук уюмдарды чогултуу менен талкуу жүргүзүп, анан маселени Өкмөттүн, же Жогорку Кеңештин кароосуна алып чыксак болот.

# Улуттук денгээл

Тийиштүү маселени улуттук денгээлге алып чыгуу 2 жол менен жүргүзүлөт:

- Био-KG органикалык кыймыл Федерациясы Кыргыз Республикасынын айыл чарба министрлиги менен кызматташуу Меморандумун түзгөн. Ошонун негизинде маселенин актуалдуулугу жана аны чечүүгө тиешеси бар министрлик, агенттик жана уюмдардын өкүлдөрүн, кызыкдар тараптарды чогултуп, атайын жыйын өткөрүүнү уюштуруу тууралуу кат менен министрликке кайрылып, жыйынды өткөрөбүз;

- SUN кыймылынын негизинде Граждандык Альянс Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана депутаттардын демилгелуу тобу менен өз ара кызматташуу тууралуу Меморандумуна кол коюлган. Ошол Меморандумдун негизинде Өкмөттүн тапшыруусу менен мамлекеттик органдарды, донордук жана коомдук уюмдарды чогултуп, маселени карай алабыз.

# Мисалдар:

- Долбоордун алкагындагы иш-чараларды Улуттук денгээлге чыгаруу максатында 2016-жылдын октябрында өткөрүлгөн органикалык жана нукура азык өндүрүүчү фермерлердин жана кайра иштетүүчүлөрдүн 11-съездинде «Туура тамактанууну уюштуруу жана тоолуу аймактарда азыктанууну жакшыртуу маселелери» атайын блок болуп каралып, бир катар маселелер талкууга алынды.
- Ошондой эле айыл чарба министрлиги менен болгон Меморандумдун негизинде 2016-жылдын майында экологиялык жактан коопсуз тамак-аш өндүрүү жана органикалык айыл чарбасын өнүктүрүүгө арналган Республикалык семинар өткөрүлүп, ага өлкөбүздөгү бардык райондордун өкүлдөрү катышты.
- Өткөрүлгөн иш-чараларда органикалык фермерлерге колдоо көрсөтүү үчүн жеңилдетилген шарт менен кредит берүү маселеси көтөрүлгөн. Бул багытта айыл чарба министрлиги менен иш жүргүзүлүп, учурда органикалык фермерлерге 1 млрд. сом каражатты жеңилдетилген шартта кредитке берүү маселеси Өкмөттүн кароосунда турат.

# Мисалдар:

- Айыл жериндеги азык түлүк өндүрүүчүлөрдөн Социалдык мекемелердин тамак ашы үчүн мамлекеттик түз сатып алууну уюштуруу боюнча тендердин шарттарын өзгөртүү тууралуу Өкмөттүн жана Жогорку Кеңештин алдына маселени коюп келе жатабыз. Бул маселе Органикалык фермерлердин съездинде каралып, атайын кайрылуу кабыл алынган. Ал Кыргыз Туусу газетасында жарыяланып, Өкмөттүн жана Жогорку Кеңештин кароосуна киргизилген.
- Азык азык түлүк жана тамак аш коопсуздугу Мыйзамына айрым өзгөртүүлөрдү киргизүү маселеси коюлуп жатат.
- Учурда Меморандумдун негизинде айыл чарба министрлиги аркылуу «Азык түлүк жана тамак аш коопсуздугу боюнча» иштелип чыккан мамлекеттик программаны Өкмөттөн бекитүүгө жетиштик. Анын аткарылышын улуттук денгээлде координациялоо айыл чарба министринин орун басарына тапшырылган.

# Мисалдар:

- Белгилей кетүүчү жагдай даярдалган документ Өкмөттүн кароосуна шыр эле өтүп бекип калбайт. Био-KG органикалык кыймыл Федерациясы тарабынан органикалык айыл чарбасын жүргүзүүчүлөргө Мыйзамдык колдоо жана шарт түзүү максатында 2015-жылдын апрель айынан бери «Кыргызстанда органикалык айыл чарба өндүрүшүн өнүктүрүү жөнүндө» Улуттук Аракет планы иштелип чыгып, Өкмөттүн токтому менен бекитүүгө киргизилген.  Андан бери бир канча ирээт макулдашууга киргизилип, ушул мезгилге чейин бекилбей келе жатат.

# БИЗ ЭМНЕ КЫЛУУБУЗ КЕРЕК?

# Айылдык тейлөө көрсөтүүчүнүн (АТК) ролу

Долбоорду аткаруудагы эң активдүү роль айылдык тейлөө көрсөтүүчүгө (СПУ) таандык. Долбоордун аткарылышы жана келечеги АТКнын ишти уюштурушуна көз каранды болот. Ошондуктан ал:

- иштешүүчү үй бүлөлөрдүн ишти аткарууга болгон мүмкүнчүлүктөрүн аныктайт;
- Микро интервенциялардын жыйынтыктарын чогултат, үй бүлөнүн бакубаттулугунун жогорулашына жана тамактанууну жакшыртууга тийгизген таасирине жараша жыйынтыктарын анализдейт;
- долбоорду аткаруу боюнча маселелерди аныктоо үчүн жыйындарды өткөрөт, чечүүнү талап кылган маселелерди талдайт;
- жергиликтүү денгээлде чечүүнү талап кылган маселелерди айылдык Кеңештин жана айыл өкмөтүнүн кароосуна киргизет, маселени чечүүгө кызыкдар тарап катары чыгат, суроолорго жооп берет;
- долбоордун чегинде айыл жериндеги фермерлер тарабынан жетишилген ийгиликтери тууралуу алардын интервьюларын, тажрыйба бөлүшүүлөрүн уюштуруп, жайылтат;
- улуттук денгээлге алып чыгуу талап кылынган маселелерди жана фермерлер тарабынан жетишилген ийгиликтери тууралуу жакшы маалыматтарды (окуяларды) тактап, долбоордун координаторунун кароосуна жиберет.

# АТК жеткирүүчү маалыматтар кандай?

- Маалыматтар 26 микро интервенциялардын жыйынтыгына негизделиш керек – алар айкын фактыларга таяныш керек.
- Маалыматтар шаблондун негизинде ийгиликтуу окуя катары берилуусу керек.
- Маалыматтар кабыл алуучу менен болгон мамиленин денгээлине жараша даярдалат

# Окуяларды даярдоонун мисалдары




**Pakistan – Fact File**

Pakistan has a population of 180 million people living on an area of 800,000 square kilometers with a poverty ratio of 21%. In Pakistan, nutrition is considered to be a component of the health sector. There is no specific department for nutrition and even within the health sector there is no recognized wing explicitly taking care of integrated aspects of nutrition. Thus nutrition is not seen as an integral part of agriculture. Pakistan has a Gross National Income per capita of $1,440 (2015).

**Looking at agriculture in the Beer area of Pakistan, we see that**

- 76% of the families have agricultural land of different sizes but about 70% of families get vegetables for household consumption from the local market. Although one of the main reasons cited for not growing own vegetables is the lack investment in irrigation facilities, the potential of rainwater is still under–utilized.
- ...etables in home gardens could make a significant contribution to ... son vegetables is firstly supplying summer ... than the vegetables grown under ... ming can help and fulfill

# АТК (СПУ)лардын денгээлинде маалымат топтоо

Менин атым…. Мен (жайгашкан жери) АТК болуп иштеймин. Ал жерде туннелдик жер иштетуу аркылуу дыйкандардын уй булолору кыш мезгилинде момо-жемиштерди остуруусу жана анын канчалык денгээлде баланстуу тамактанууга пайдасы бар экендиги тууралуу маалымат алам. Мен оз тажрыйбамда… Мен башка дыйкандарга …. тамактануу принциптери тууралуу айтып бердим… жашылча жемиштердин пайдалуулугу тууралуу тушундурдум. Бул практиканы кабыл алуу жогору болду…

IFOAM ORGANICS INTERNATIONAL FiBL HELVETAS Swiss Intercooperation

# АТК (СПУ)лардын денгээлинде маалымат топтоо

АТКлардын денгээлинде маалымат топтоодо – ийгиликтуу практиканы жактоодон сырткары тамактанууну жакшыртууга байланышкан маселени алып чыгууда, маселенин айланасында так маалыматтарды корсотууну сунуштоо. Мисалы: Ынтымак а., тоолуу аймакта дениз денгээлинен бийиктиги, калкынын саны, анын ичинен аяр катмарга кирген уй булонун саны, сунуш: саан эчкилерди кобойтуу учун породанын тазалыгын камсыздоого улуттук денгээлде оболго тузуу, таза кандуу эчки остургон чарбалар менен байланыш-мамилерди уюштуруу ж.б.у.с.

# Жергиликтүү координатордун ролу

- Долбоорду аткаруу багытындагы иштердин жүрүшүнө жалпы координация кылат жана анализдейт;
- Райондук жана областтык денгээлде чечүүнү талап кылган маселелерди тийиштүү бийлик органынын кароосуна киргизет, маселени чечүүгө кызыкдар тарап катары чыгат, суроолорго жооп берет;
- - долбоордун чегинде жетишилген ийгиликтер тууралуу фермерлердин тажрыйба бөлүшүүлөрүн жайылтат, жакшы маалыматтарды (окуяларды) массалык маалымат каражаттарына жарыялайт;
- - улуттук денгээлге алып чыгуу талап кылынган маселелерди жана фермерлер тарабынан жетишилген ийгиликтери тууралуу жакшы маалыматтарды (окуяларды) тактап, кароого жиберет.

# Биз эмне кылуубуз керек?

- Улуттук денгээлде кароо үчүн келген маселелерди тактап, эгер кандайдыр бир Мыйзамдарга тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү талап кылынган, же бир укуктук ченемдик акты менен жол жобосун, же тартибин бекитүү сунушталган маселелерди тийиштүү мамлекеттик органдардын, Өкмөттүн жана Жогорку Кеңештин кароосуна киргизип, ага кызыкдар тарап катары чыгабыз.
- Мындан тышкары долбоордун чегинде жетишилип жаткан ийгиликтерди, жакшы маалыматтарды таратуу, Республика боюнча жайылтуу багытында тийиштүү мамлекеттик органдар менен иштешебиз

# Биз эмне кылуубуз керек?

- Кыргызстанда тамак аш коопсуздугу, туура тамактануунy жакшыртуу, аз камсыз үй бүлөлөргө колдоо көрсөтүү, экологияны жакшыртуу, органикалык азыктарды өндүрүү жана башка багыттарда бир катар донордук уюмдардын долбоорлору иштеп, бирин-бири кайталап жатат. Ошолордун ишин координациялоочу, багыт берүүчү бир органдын болушу зарыл.

# Биз эмне кылуубуз керек?

- Массалык-маалымат каражаттары менен тыгыз иштешүү талап кылынат. Туура тамактанууну уюштуруу, жакырчылыктан чыгууга түрткү берүүчү жагдайлар тууралуу маалыматтарды кеңири чагылдырып, атайын брошюра, буклеттерди чыгарып, маалымат компаниясын уюштуруу зарыл. Ага каражат талап кылынат.

- Какты кайнатып, компот кылуу пайдалуу экендиги, анын артыкчылыгы тууралуу адистердин атайын маалыматтарын чыгарсак, жалпы түшүнүк тарайт эле. Болбосо, «Бышып түшкөн алма-өрүк бекер чирип калбасын, как кургаталы»-деп айта берген менен, маалымат жетип кызыгуу артпаса, майнап чыкпайт.

# Сертификат маселеси

- Жергиликтүү топтор тарабынан фермерлердин азыгын сертификаттап, экспортко чыгарсак, натыйжалуу сатып, пайда көрүшөт эле деп маселе коюп жатышат.
- Аларды сертификаттаган менен аз көлөмдөгү продукциясы менен экспортко чыга албайт.
- Ошондуктан Био-KG органикалык кыймыл Федерациясы тарабынан органикалык аймактарды уюштуруп, андагы фермерлердин бир стандартка ылайык бирдей продукция өндүрүүсүн уюштуруп, чоң көлөм топтоо менен сатыкка чыгарууга аракеттер жасалууда.

# Сунуштар

- туура тамактанууну уюштуруу үчүн массалык маалымат каражаттары аркылуу пайдалуу азыктар, анын мааниси, адамдын ден соолугуна болгон таасири тууралуу адистердин маалыматтык берүүлөрүн, брошюра-буклеттерди чыгаруу зарыл.
- айыл жериндеги фермерлер тарабынан жетишилген ийгиликтери тууралуу алардын интервьюларын, тажрыйба бөлүшүүлөрүн массалык-маалымат каражаттары аркылуу көп чагылдыруу зарыл. Анткени өз ишинин ийгилиги тууралуу дыйкандын айтканы башка дыйканга ишенимдүү да, түшүнүктүү да, кызыктуу да болоор эле.

# Сунуштар

- долбоордун чегинде берилген көмөк бир жолу берүү менен чектелбөөгө тийиш. Мисалы: парник куруп берүү, как кургатуучу жабдуу орнотуу. Ал андан ары иштеп кетиши көзөмөлгө алынып, өнүгүп кеткенге чейин материалдык жана усулдук жардам көрсөтүлүүгө тийиш.
- фермердердин өндүргөн азыгын сертификаттоо үчүн атайын бир топторду, органикалык аймактарды уюштуруу зарыл.
- Мында атайын бир стандартка ылайык продукция өндүрүү окутулуп-үйрөтүлүп, ички рынок үчүн болсо дагы сертификат алууга мүмкүндүк түзүлөт.

# Суроолор

Көнүл бурганыңыздар үчүн рахмат!!!